Кулжа айы, 2020 №50

ISSN 1694-7541

# Баластан

интерактив журналы



70 сом

ISSN 1694-7541

# Журнал ээси

**Аты-жөнү:** ______________________________


**Шаары / айылы:** ______________________________

**Мектеби:** ______________________________

**Классы:** ______________________________

**Мугалими:** ______________________________

**Сүрөт**





**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

"Баластан" журналы мектепке чейинки жана кенже мектеп курагындагы балдардын жан дүйнөсү, курактык өзгөчөлүгү, кызыкчылыктары, психологиясы жакшы эске алынган, журнал бул курактагы балдарды түшүнгөн кесипкөй адамдар тарабынан даярдалып жаткандыгы көрүнүп турат. "Баластан" интерактив журналы жалпы пайдаланууу үчүн сунушталсын." 09.02.2017



www.balastan.com
email:balastankg@gmail.com
youtube/BalastanTV
facebook.com/balastankg
Instagram/balastankg

**Толук маалымат үчүн:**
+996 557 77 26 26
+996 507 77 26 26
номурларына байланышыңыздар

Биздин телефон:
0(996) 557 77 26 26



**Директор:**
Жаныбек Абидетегин

**Кабарчы:**
Роза Таалайбек кызы

**Дизайнер:**
Нурлан Саргалдаев

**Редакциялык кеңеш:**
Байтемир Асаналиев
Назаркул Ишекеев
Алмаз Токтоматов
Сулайман Рысбаев
Аман Кармышаков
Жаныл Каримова
Гулбара Абдыкалыкова
Улан Усупов

**Журнал ээси:**
"Баластан балдар журналы" ЖЧК

Журнал КРнын Юстиция министрлигинде катталган.
Каттоо күбөлүгү № 2042

Журналга келген кол жазмалар кайра берилбейт жана рецензияланбайт. Журналга жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.

**Жарнама бөлүмү:**
0557 77 26 26

**Биздин дарек:**
Бишкек шаары,
Фрунзе көчөсү 387,
-кабат

«НОВА» БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ




# NovAdemy

5-6-7-класстар үчүн

**КОШУМЧА САБАКТАР**

***Математика (логика)***
***Англис тили***
***Грамматика (кыргыз тили / орус тили)***
***Окуу сабаттуулугу (окуу жана түшүнүү)***

NovAdemy.kg

Бишкек шаары, Горький к.1/2 (Технопарк)

0500 189 132, 0555 189 132, 0771 189 132

# ЖАШ сүрөтчү




Жыргалбек Теребердиев
Тоң району, Кара-Таалаа айылы,
Б.Алаков мектебинин
4-классынын окуучусу




Нурэл Турдалиев
Балыкчы шаары, Ч.Айтматов мектебинин
3-классынын окуучусу



Мелек Жаныбек кызы,
Бишкек шаары, 4 жаш




Атабек Жаныбек уулу,
Бишкек шаары, 6 жаш




*Айдит Койчубеков,*
*Тоң району, Кажы-Сай айылы,*
*4-класс*



*Аяна Бекбоева,*
*Балыкчы шаары,*
*4-гимназия мектеби,*
*3-класс*



*Нурпери Алмазбекова,*
*Балыкчы шаары,*
*4-гимназия мектеби,*
*3-класс*



*Диана Кубанычбекова,*
*Балыкчы шаары,*
*4-гимназия мектеби,*
*3-класс*

# КИМИСИ АРТЫК?

*Улама жомок*



***Падыша элин жыйнап, шаарга келе жатат.
Бир туугандар Тойбос кан менен кармашып жатышат.
Падышанын жоокерлери кимди тандайт?
Бардыгы ушул саныбызда белгилүүгө болот.***

*Падышанын жоокерлери бир туугандарды туткундоого аракеттенип жатышкан.*

*Ошол маалда бир туугандар турган жеринен жок болуп кетишет. Ар тараптан жаанын октору келип, жоокерлердин соотуна, колундагы кылычына тийип, куралдарын колунан жулуп кетип жатты. Кызыгы, эч бир жоокер катуу жараат алган жок. Душман аларга зыян келтирбөөгө аракет жасап жаткан сыяктуу.*

*Жоокерлер чындап корко башташты. Бир маалда жер астынан бирөө чыгып, жоокерлердин кылычтарын колунан жулуп алып, кайра жерге кирип кетти.*

*Бул Медербектин айласы эле. Бир туугандарын ар кайсы жерден чыгарып, жоокерлердин куралдарын чогултуп жатты. Кайдан-жайдан Гүлжигит пайда болуп, падыша эл менен кошо келе жатканын, канбийке коопсуз жайда экенин айтты. Тойбос кан качып кеткенге аракеттенет деп божомолдошуп, бир туугандар аны биринчи кармоого макулдашышты.*

*Дагы деле жоокерлер көп болчу, бирок эми алар куралсыз калышкан. Алардын ортосунан Тойбос канды ажыратуу кыйынга турарын түшүнүшүп, жоокерлер менен түздөн-түз кармашка чыгуу керек экендигин түшүнүштү.*

*Бир туугандар жерден чыгышып, жоокерлерди көздөй басышты.*

*Арстанбек:*

*- Биз эч кимге зыян келтирбейбиз. Тойбос канды кармашыңар керек.*

*Ал өз элин сугунуп бүтүп, эми биздин элге көзү өтүп турат.*

*Падыша шаарга жакындап калды.*

*Ал келгенде өзү ортодо казы болсун, ким туура айтканын,*

*ким алдаганын ал чечсин, - деди.*

*Тойбос кан ачуусу кайнап, жоокерлерди алга сүрөдү. Чочулап турган жоокерлер, сүрөөн менен бир туугандарга чабуулга жөнөштү. Медербек жердин алдында калып, жоокерлер турган жердин алдын көңдөй кылып ачкан. Алар чабуулга өткөндө көңдөйдү уратып жиберди. Тойбос кан жана бардык жоокерлер гүп этип ороого түшүп кетишти.*

*Ушул маалда падыша эли менен кирип келип, аскер башыга чабуулду токтотууга*



*буйрук берди. Ал сүйлөп жатканда Тойбос кан эл арасына сүңгүп кирип, жок болуп кетүү үчүн баратканда алдынан Сыргак чыгып, тосуп калды.*

*Ошентип Канбийке келип, падыша өз элинин бийи бойдон калып, жашоо кайрадан мурункудай улана баштады. Тойбос канга кандай өкүм чыгарабыз деп ойлонуп турганда Акжолтой Тойбос кандын элине тапшырууну сунуштады. Ошентип аны жаңы кан көтөрүлгөн Кыдыраалыга тапшырып берди.*

*Баары тынчыгандан кийин бир туугандар падышадан башында сураган суроонун жообун сурашат. Падыша бир туугандарга энесин кошо ордого алып келүүсүн айтат.*

*Бир туугандар барып энеси менен учурашып, окуяны толук айтып беришип, кайра ордого келишет. Келгенде падыша:*

*- Артыкчылык ынтымакта. Жетөөңдүн тең өнөрүңөр мыкты.*
*Жетөөңдүн бириң болбосоң, менин кызым аман-эсен келбейт болчу.*
*Силерге жана силердей жигиттерди тарбиялаган энеңерге да ыраазымын.*
*Ушундай эне менен кудалашуу да мен үчүн сыймык, - дегенде*
*баары бир сыйра таң калышат.*

*Канбийке жолду катар жигиттер менен жүрүп, алар менен аябай жакын болуп кеткен. Бирок Тойбос кандын ордосунан алып чыккан Гүлжигитке башкалардан да жакыныраак эле. Бирок экөөнүн тең жашы жете электигинен тойду кийин өткөрмөй болушат.*

*Падыша Гүлсүн энени уулдары менен коноктоп, мал-мүлк берип сыйлайт.*
*Бир туугандардын улуусу Арстанбек падышанын вазири болуп дайындалат.*
*Калгандарынын ар бири өз өнөрү менен шаар элине кызмат өтөп жашап калышат.*
*Ал эми Гүлсүн эненин уулдарынын бирөөнө бере турган жаасы, үйүнүн төрүндө илинип*

# Кулжа, аркар





**К**улжа - эркеги. Бийиктиги 122 сантиметр, салмагы 200 килограммга чейин жетет.
Аркар - ургаачысы. Бийиктиги 114 сантиметрди, ал эми салмагы 103 килограммды түзөт.

Аркар, кулжа же тоо койлору - мүйүздүүлөр тукумунан чыккан сүт эмүүчү.

Кулжа, аркарлар - Борбордук жана Орто Азиянын тоолуу жана тоо этектериндеги аймактарда деңиз деңгээлинен 1300-6100 метр бийиктикте Памирде, Гималайда, Алтайда, Монголияда,Тибетте жана Кыргыз жеринде жашашат. Орточо 10-13 жыл жашайт.

Кулжа да, аркар да узун мүйүзгө ээ, бирок кулжанын мүйүздөрү чоңураак келип, дене салмагынын 13 пайызын түзөт. Булардын мүйүздөрү да абдан баалуу, баасы бир нече миң долларга жетет.

Кулжа, аркарлар жүзгө чейин үйүр-үйүр болуп жашашат. Аркарлар балдарын беш ай көтөрөт, туулгандан кийин 4 айга жакын козуларын жанынан чыкпай чоңойтушат.

Кулжа, аркарларга кол салган негизги жырткычтар - карышкырлар, ак илбирстер, сүлөөсүндөр. Алардан мүйүздөрүү менен коргонот.

Жаныбарларды аңчылык кылууга тыюу салынган түрлөрүн сактоо үчүн коруктар уюштурулган.





*Экологиялык уюмдар тарабынан корголуп, эл аралык кызыл китепке кирген.*









# Балдар акын, жазуучусу



## Байтемир Асаналиев

**80 жашта**

**Нускалуу сөз**



*Акылдуу болсо баласы,*
*Атанын тынат санаасы.*

*Улуунун акылы - эм,*
*Укпаган бала кем.*

*Ата-ененин айтканы акыл,*
*Адептүү бала макул.*

*Достошсоң спорт менен,*
*Жолобойт оору деген.*

*Достукка бек бол,*
*Жоо өтпөс чеп бол.*






***Табышмактар***



*Ата-энеңдей мээримдүү,*
*Арттырат акыл-эсиңди.*
*(мугалим)*


*Ала-Тоонун күзгүсү,*
*Айнектей тунук өң-түсү.*
*Кеч кирген кезде Ай дагы,*
*Келет өзүн көргүсү.*
*(Ысык-Көл)*




*Көктөң түшөт,*
*Жерге сиңет.*
*(жаан)*



*Уруксатсыз эшикти ачат,*
*Чөп, саманды чачат.*
*Караанын көргөзбөй,*
*Кайдадыр шашат.*
*(шамал)*





# Курмадан корккон жолборс

*Корей эл жомогу*

Ач жолборс тоодо каңгып жүрдү. Ал аябай ачуулуу эле. Анткени керелден-кечке кур дегенде коён кармай албай койду. Күн да уясына жашынып, түн кирди, а жолборс болсо тамак издеп, дагы эле тоодо каңгып жүрдү. Айласы кеткенде ал кыштакка барууну чечти. "Балким, бирдеме табылып калар" деп ойлоду.

Анан ал кыштакка келди. Айланта карап, четирээктеги жаман тамды көрдү. Жакындап барса, үйдүн ичинен баланын ыйлаганы угулду. Энеси бешик ырын ырдап, аны сооротуу менен алектенүүдө:





*- Укта, балам, уктай кой...*
*Жолборс оозу-мурдун жаланып койду: "Мен баланы жейм!"*
*Бала үнүн баспай ыйлай берди. Эмне кылар айласын таппаган энеси баласын коркута баштады:*
*- Ыйлаба, үнүңдү угуп, чөө келип, сени тоого алып кетет.*
*Бирок бала басылар эмес. Энеси чарчап, аябай ачуусу келди:*
*- Ыйлаба дейм! Болбосо, азыр ач жолборс келип, жеп кетет! Тигине ал терезенин түбүндө турат.*
*Менин бул жерде экенимди кантип билип алды деп, жолборс айран-таң калды. Бала таптакыр үнүн басар эмес.*
*Эне баласын бооруна кыса кучактап, эркелете минтип айтты:*
*- Алтын балам, сооранчу, мен сага азыр курма берем.*
*- Бала ыйлабай калды, ал эми жолборс болсо: "Курма дегени ким болду экен? Мындай жырткычты мурун такыр укпаптырмын. Менден да коркунучтуу болсо керек. Курма дегенде бала да дароо басылып калды" - деп ойлоду. Жолборс чын эле коркуп, тоого качып кетти. Ошондон бери ал кыштакка жакын келбес болду.*

**Которгон Байтемир Асаналиев**

# күлкүлүү окуялар





***Элдан атасынан:***

*- Таш доору деген эмне? - деп таң кала сурады.*
*Анда атасы:*
*- Таш доору бул - бардык буюм-таймыдар таштан жасалган мезгил.*
*- Аа, анда компьютерлер да таштан жасалчу да э?*



***Киного билет сатып алганы келген Актан кассирден:***

*- Билет канча сом?*
*- 100 сом турат.*
*- Ийй, менде болгону 50 сом бар болчу. Мени киргизе бериңизчи мен бир көзүм менен гана көрөм, - дептир.*



***Атабек үйүндө чай ичип отурган.***

*Бир маалда жалп этип электр энергиясы өчүп калды.*
*Анда Атабек:*
*- Ата, лампанын зарядкасы түгөнүп калган го, - дейт.*




*Жыйнаган Роза Таалайбек кызы*

# ОЮНДАР

Төмөндөгү эсептерди чыгаргыла

Оюнга абонент болгон окурмандар гана катыша алышат.




*Урматтуу ата-энелер, бул оюндардын туура жообун тапкан ар бир окуучуга кызыктуу белек бар жана алар үчүн экинчи тур уюштурулат. Ал эми экинчи турдун жеңүүчүсүнө шахматчы Таштекеев Съездбектин атынан Ысык-Көлдө уюштурулуп жаткан "Шахмат" лагерине жолдомо берилет. Андыктан балдарыңыз тапкан туура жоопту 0507 77-26-26 же WhatsApp 0557 77-26-26 номурларына жибериңиз. Жоопторду кулжа айынын отузу күнү саат 10:00дөн 18:00гө чейин күтөбүз!*

КЫЗЫК ЭКЕН

# Кагазды ким ойлоп тапкан?

Болжолу 3500 жыл мурун Кытайдын Шан династиясынын убагында элдер ташбаканын таштарына, жапайы жаныбарлардын мүйүздөрүнө жана сөөктөрүнө чегип жазышкан. Ал жазууларды "цзягувэнь" же бизче "сөөк жазуулары" деп аташкан. Жаз менен Күз же Согушкан падышачылыктар мезгилинде таштарга, сөөктөргө чегип жазуу бир топ кыйынчылыктарды жараткан. Элдер алардын ордуна бамбук жыгачтарын тилкелерге бөлүп, жип менен бириктирип жаза баштай баштaшкан. Мындай жазууларды "бамбук тактайчасы" деп аташкан. Бирок бамбук жыгачтарына жазуу оңой болгону менен, жаза турган сөздүн көлөмү чоңураак болсо, аябай көп сандагы бамбук тактайчалары талап кылынган.
Салмагы да оор болуп калган.
Кийин Батыш Хань династиясынын убагында бай кишилер жибек кездемелерге жазууга өтүшкөн. Кездеменин баасы аябай кымбат тургандыктан сатып ала албай, карапайым эл аны колдоно алышкан эмес. Чыгыш Хань династиясынын учурунда Цай Лун аттуу адам көп жылдык тажрыйбалардан кийин абдан жөнөкөй, арзан кагазды ойлоп тапкан жана эл арасында колдонула баштаган. Бул ойлоп табуу аркылуу дүйнөлүк маданиятка улуу ачылыш жасалган. Кагазды кантип табышканы тууралуу мындай деп айтып келишет: Цай Лун Лоянь кан сарайындагы кызматкерлердин бири болгон. Ал көпчүлүк убактысын усталар менен өткөрүп, көл өнөрчүлүк менен алектенген.



Күндөрдүн биринде Цай Лун императордун дөбөдөй тизилген бамбук такталарын окуп жаткандыгын көрөт.
Ошондон тартып жазууга жана окууга ыңгайлуу болгон материалды ойлоп табууну көздөйт. Көп нерсени сындан өткөрөт, бирок такыр жыйынтык


# КЫЗЫК ЭКЕН


# Кагазды ким ойлоп тапкан?

*Болжолу 3500 жыл мурун Кытайдын Шан династиясынын убагында элдер ташбаканын таштарына, жапайы жаныбарлардын мүйүздөрүнө жана сөөктөрүнө чегип жазышкан. Ал жазууларды "цзягувэнь" же бизче "сөөк жазуулары" деп аташкан. Жаз менен Күз же Согушкан падышачылыктар мезгилинде таштарга, сөөктөргө чегип жазуу бир топ кыйынчылыктарды жараткан. Элдер алардын ордуна бамбук жыгачтарын тилкелерге бөлүп, жип менен бириктирип жаза башташкан. Мындай жазууларды "бамбук тактайчасы" деп аташкан. Бирок бамбук жыгачтарына жазуу оңой болгону менен, жаза турган сөздүн көлөмү чоңураак болсо, аябай көп сандагы бамбук тактайчалары талап кылынган. Салмагы да оор болуп калган.*



*Кийин Батыш Хань династиясынын убагында бай кишилер жибек кездемелерге жазууга өтүшкөн. Кездеменин баасы аябай кымбат тургандыктан сатып ала албай, карапайым эл аны колдоно алышкан эмес. Чыгыш Хань династиясынын учурунда Цай Лун аттуу адам көп жылдык тажрыйбалардан кийин абдан жөнөкөй, арзан кагазды ойлоп тапкан жана эл арасында колдонула баштаган. Бул ойлоп табуу аркылуу дүйнөлүк маданиятка улуу ачылыш жасалган. Кагазды кантип табышканы тууралуу мындай деп айтып келишет: Цай Лун Лоянь кан сарайындагы кызматкерлердин бири болгон. Ал көпчүлүк убактысын усталар менен өткөрүп, көл өнөрчүлүк менен алектенген. Күндөрдүн биринде Цай Лун императордун дөбөдөй тизилген бамбук такталарын окуп жаткандыгын көрөт. Ошондон тартып жазууга жана окууга ыңгайлуу болгон материалды ойлоп табууну көздөйт. Көп нерсени сындан өткөрөт, бирок такыр жыйынтык*





*чыкпайт. Анткен менен дайыма изденип жүрөт. Бир күнү ал досторy менен талаага эс алууга чыгат. Достору эс алып жатышса, Цай Лун бир нерсеге тынчсызданганда эки жагын карай берет. Аңгыча анын көздөрү күйүп, дарыяны көздөй шашып жөнөйт. Достору артынан барса, пахтага окшош материалды тиктеп, "таптым, таптым" деп кыйкырат.*
*Бир нече убакыттан кийин Цай Лун пахтага окшогон материал - бул бактын кабыктарын, чүпүрөк, балык торлорунун жиптерин майдалап, таза жууп, күнгө көп убакыт кургаткандан кийин келип чыгарын байкайт.*
*Ошентип ал кагаз жасоо боюнча тажрыйбаларын улантып, өсүмдүктөрдүн кабыктарын, ар түрдүү материалдарды майдалап, суюктукка салып олтуруп, акыры сапаты жогору, жазууга ыңгайлуу болгон кадимки кагазды ойлоп тапкан. Кийин Цай Лун кагаз үчүн даярдаган материалын императорго тапшырган. Анын бул ойлоп табуусун элдер "Цай хоу кагазы" деп аташкан.*





Достор, мен силерге жаштардын шаары аталган жашыл шаар тууралуу айтып берем.

Бул шаар Кыргызстандагы көлөмү жана өнөр жайынын чоңдугу боюнча үчүнчү чоң шаар.

Байыркы Улуу Жибек жолунун боюнда жайгашкан. Аба ырайы жылуу, суусу мол айтор, дыйканчылыкка абдан ыңгайлуу жер. Аталган аймакта Орто Азияга белгилүү, ден соолукка абдан пайдалуу минералдык суу чыгат.

Аймактагы калктын басымдуу бөлүгү пахта, жаңгак, дарбыз, коон, жүгөрү жана башкаларды өстүрүшөт. Аларды жыл сайын чет элге сатуу менен жан багышат.

Шаардын кире беришинде "Курманбек кылымдар мурасы" комплекси жана салтанат капкасы бар. Ал 2001-жылы Курманбек баатырдын 500 жылдык маарекесине арналып курулган. Эстелик жезден жасалган, бийиктиги 5 метр. Ал 7 метрлик мрамор менен капталган постаменттин үстүндө орнотулган. Артындагы салтанат капкасы болсо шаар көркүнө көрк кошот.















*Аталган шаардын гимни төмөндөгүдөй ыр саптардан турат. Көп чекиттин ордуна шаардын атын жазгыла.*

***...               жашыл шаарым турагым,***
***Жанга дабаа мөлтүр булак сууларың.***
***Жашоо үчүн күч-кубатка дем берген,***
***Жакамдагы ыйык туткан тумарым.***



Менин спорт **оюнум**

# Армрестлинг



Армрестлинг - англисчеден кыргызча которгондо “билек күрөш” деп айтылат. Бирок бул оюн бизде да болгон. Аны биз “кол күрөш” дейбиз.

Кол күрөш спорту көп спорт шаймандарын талап кылбаган, бирок күч-аракетти, чыдамкайлыкты талап кылган спорт.


**Оюнчунун саны -** 2-5 киши.
**Оюн -** аянтчада, бөлмөдө өткөрүлөт.
**Оюн -** күчтү, эркти жана максаттуу болууга тарбиялайт.

**Оюнга даярдануу.**
Оюнчулар экиден болушуп, бири-бирине карама-каршы отуруп, оң колдору менен алышат.

**Оюндун баяны.**
Ар ким атаандашынын колун өз жагына ийип жерге тийгизүүгө аракеттенет. Андан кийин оюнчулар атаандаштары менен алмашып, оюнду каалаган убакытка чейин уланта алат. Көп жолу атаандашынын колун жерге тийгизген оюнчу жеңет.

**Оюндун эрежеси.**
Атаандашы даяр боло электе аракеттенүүгө, экинчи кол менен жардам берүүгө, чыканакты көтөрүүгө болбойт.







Бул оюн орто кылымда көп ойнолуп, АКШда 1960-жылдары кайра жаралган эң эски спорт. XX кылымдын ортосунда калифорниялык журналист Билл Соберанес бул маселеге олуттуу киришкен. 1952-жылы ал Петалум шаарындагы барлардын биринде кол күрөш боюнча мелдеш уюштуруп, жеңүүчүлөргө акысыз тамактанууну уюштуруп берген. Кийин мелдештер жалпыга жайылып, Американын бардык булуң-бурчтарынан күчтүү кишилер Калифорнияга келишкен. 1962-жылы биринчи дүйнөлүк мелдеш уюшулган.

Эң атактуу кол күрөш балабны АКШдан келген Жон Брженк. 17 жашында армрестлингге кызыгып, бир жылдан кийин өспүрүмдөр арасында дүйнөлүк чемпион болгон.

Эң жогорку даражадагы оюнчу Жон Брженктин бою 185 сантиметр, салмагы 100 килограмм.

Кол күрөш оюнун кыргыздар тээ илгертен бери ойноп келген.
Учурда Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын тизмесинде да бар.
Кол күрөш кыргыз баатырлары үчүн жат оюн эмес.

Спорттун бул түрүнө эркектер да, аялдар да катыша болот.
Туура машыгуу кол булчуңдарын эле эмес бүт денени чыңдайт.

Чындыгында бул техникалык жактан татаал жана травматикалык спорт.
Ийне жана чыканак муундары жараат алган учурлар көп кездешет.
Кармаш учурунда спортчулардын жүрөгү 200 жолу согот.

# Баластан
## интерактив журналы

**"Баластан" интерактив журналы** *карантин учурунда " Ысык-Көл - кыргыз бермети" аттуу онлайн сынак өткөрдү.*


***Аталган сынакта 1-6-класстын окуучулары дилбаян жазып, аны видеого көркөм айтып беришти. Видеолор бугу айынын жыйырмасынан кулжанын жетисине чейин кабыл алынып, 250дөн ашык видео келди. Жыйынтыгы кулжа айынын он бешинде чыгып, ошо эле күнү жеңүүчүлөрдү жер-жерлерге барып куттуктап келдик.***

***Сынактын максаты: Кыргыздын бермети болгон Ысык-Көлдү урпактарга таза өткөрүп берүү, көлүбүздү көздүн карегиндей сактап, атагын даңктоо. Сынактын демөөрчүсү Аскарбек Күрүчбеков.***

***1-орун - смартфон - Нурайым Рахманова***
*Тоң району, С.Эркинбаев мектеби, 6-класс*

***2-орун - велосипед - Асема Тынычбекова***
*Балыкчы шаары, 4-гимназия мектеби, 5-класс*

***3-орун - фитнес саат - Ислам Догдурбаев***
*Тоң району, Ж.Турусбеков мектеби, 4-класс*




# 1-ОРУН

***1-2-3-орун алгандардын ата-энелерине ыраазычылык кат жана алдыңкы 10 окуучуга грамота менен китептер тапшырылды.***






## 2-ОРУН


## 3-ОРУН



*Балыкчы шаарынын жеңүүчүлөрү*



*Тоң районунун жеңүүчүлөрү*



# “Шахмат” лагери





*Кыргызстанда биринчи жолу, жайкы “Шахмат” лагери Ысык-Көлдө уюшулуп жатат. Лагерде балдар шахмат оюнун белгилүү шахматчы Съездбековдордун үй бүлөөсү менен бирге ойноп машыга алышат.*

*Лагерде окуучулар атактуу шахмат чеберлери Руслан Съездбеков жана Арзыбек Съездбековдордон шахмат оюнун тереңдетип үйрөнө алышат. Ошондой эле белгилүү эл аралык чеберлерден да мастер-класс уга алышат. Лагерде балдар: Блиц и рапид турларын күнүгө лекция катары угуп дароо практика жүзүндө ойной алышат.*

*Кызыгы бул жерде атайын балдардын ата-энелери жана жакын туугандары үчүн өзүнчө программа каралган. Ата-энелер балдарды коштоп барсаңар болот!*

***Убактысы: 10 күн***

***Баасы: 8 000 сом***

***Тамак: 4 маал***

***Жашы: 7-17***

***Дареги: Чоң-Сары-Ой***


***Толук маалымат алуу үчүн телефондор:***
*0773 32-35-53,*
*0507 32-35-53*
*жана 0755 53-33-31 (ватсап).*

***1-топ: 25.06-05.07.***

***2-топ: 07.07-17.07.***

***3-топ: 19.07-29.07.***

***4-топ: 01.08-11.08.***








***Лагердин администрациясы эл аралык мастерлер, машыктыруучулар жана гроссмейстерлер менен кызматташууга даяр!***











# ОРИГАМИ



*Кичинекей Атабектен Птеродактиль оюнчугун жасоону үйрөнөбүз*

## ПТЕРОДАКТИЛЬ

### ДИНОЗАВРЫ



# PUREPRO

DRINKING WATER SYSTEM



© PUREPRO USA CORP., U.S.A.

## Жаштыктын табият берген булагы




**Purepro компаниясы суу чыпкаларын өндүрөт. Ал чыпкалар ден соолукту чыңдаган адамдар арасында көп колдонулат.**

**Байланыш телефондору:**

**0555 66-31-05**
**0555 15-98-15**
**0705 15-98-15**
**0772 15-98-15**


**Дареги:**

**Бишкек шаары, Байтик баатыр көчөсү 74, №7 кабинет.**

youtube/BalastanTV

БАЛАСТАН
интерактив журналы

## КАНАЛГА ЖАЗЫЛАБЫЗ




Life hack!


ОРИГАМИ

КЫЗЫК ЭКЕН

ЖОМОК



МЫНА САГА!!!




Balastan TV каналынан кызыктуу жомокторду, сонун оригамилерди, лайфхактарды жана башка көптөгөн маалыматтарды көрө аласыздар.

Бул үчүн Balastan TV каналына катталуу, бөлүшү жана басуу жетиштүү.

**Достор, Balastan TV каналынын көрарманы болуңуздар!**